# 2024-жылдын 12-айга

# Талды-Булак айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү планынын аткарылышы

**2024-жылдын 12-айга Талды-Булак айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүү планынын аткарылышы боюнча маалымат.**

Талды-Булак айыл аймагында жалпы 6 айыл жайгашкан.
Калктын саны -11021, кожолуктун саны -2306, айылдардын саны -6.
Жалпы аянты -30717га. Райондун борборунан алыстыгы 22км.
Муниципалдык кызматкерлердин саны -11, ТОП/МОП -4, контракт менен иштегендер -6, айылдык Кенештин катчысы-1
**Билим берүү тармагы боюнча:** жалпы 4 мектеп бар, анда 2221 окуучу окуйт, 140 мугалим эмгектенет. 4 мектепке чейинки билим берүү мекемелери бар, анда 350 бала тарбияланат, 20 тарбиячы эмгектенет.
**Саламаттыкты сактоо тармагы**: 1 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, 5 ФАП бар, аларда 14 дарыгер эмгектенет.
**Спорт тармагы:** жалпы 7 спорт объектилери бар, анын ичинен 4 кичи футбол талаалары, 1 спорттук зал, 3 спорттук комплекстер бар.
**Маданият тармагы:** 3 маданият үйлөрү, 3 китепкана, 1 музей, 5 эстеликтер.
**Социалдык тармак:** 119 аз камсыз болгон үй-бүлөлөр жашайт. Үй бүлөгө көмөк жөлөк пулду 58 жаран алат, 2 турмуштук оор кырдаалга туш болгон үй-бүлө бар. Мигрант үй-бүлөлөр -44
**Айыл-чарбасы**: жалпы 10299га айыл чарба жерлери бар, анын ичинен айдоо жерлери 10278, сугат жерлери 7478, кайрак жерлери –2800. Жайыт жерлери 15626.
**Суу ресурстары**: 11 кудук бар. Сугат суу менен камсыздыгы -90%.
**Мал чарбасы:** 6087 уй, жылкы -1988, кой, эчкилер -11680, уй канаттуулары- 8373.
Инфраструктурасы: Республикалык маанидеги жолдор -18км. Жергиликтүү маанидеги жолдор- 62 км.
Жарандардын кайрылуулары -62.

# 2024-жылдын 10 айга бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы

| **Налог түрлөрүнүн аталышы** | **Сосновка** | **Сары-Булак** | **Талды-Булак** | **Бардыгы** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Салык агенти төлөөчү киреше салыгы (подоходный налог) | 8046,0 | 1926,0 | 4153,0 | 14125,0 | | | | |
| Патенттин негизинде салык | 483,0 | 70,0 | 70,0 | 623,0 | | | | |
| Мүлккө салык (налог на имущество) | 25,0 | 0,5 | 2,5 | 28,0 | | | | |
| Ишкердик үчүн пайдаланылган кыймылсыз мүлккө салык 2 -топ | 275,0 | 9,5 | 57,0 | 341,5 | | | | |
| Айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгы (з/налог с/х назначения) | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | | | | |
| А/ чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы (з/н не с/х назнач.) | 605,0 | 37,0 | 670,0 | 1312,0 | | | | |
| Жерди кайра бөлүштүрүү фондусунун ижара акысы (Аренда ФПС) | 2200,0 | 1200,0 | 2100,0 | 5500,0 | | | | |
| Жеке жактардын транспорт каражаттар салык | 1310,0 | 200,0 | 226,7 | 1736,7 | | | | |
| Айыл ичиндеги жердин аренда акысы | 100,0 | 38,0 | 800,0 | 938,0 | | | | |
| Жеке участоктордун жер салыгы (приус.уч.) | 160,0 | 83,0 | 77,4 | 320,4 | | | | |
| Муниципалдык менчиктеги имараттардын жана жайлардын ижара акысы | 5,0 | - | 50,0 | 55,0 | | | | |
| Жайыт акысы | 5,0 | 25,0 | 50,0 | 80,0 | | | | |
| Таштанды чогултуу акысы | 11,0 | - | 4,5 | 15,5 | | | | |
| Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн акы | - | 33,0 | 220,0 | 253,0 | | | | |
| **Жалпы өздүк киреше** | 13225,0 | 3622,0 | 8481,1 | 25328,1 | | | | |
| **Жалпы атайын каржаттар (ата-энe.төлөм)** | 1000,0<br>1000,0 | 1392,0<br>1392,0 | 440,0<br>440,0 | 2832,0<br>2832,0 | | | | |
| **Атайын каражаттар менен жалпы киреше** | 14225,0 | 5014,0 | 8921,1 | 28160,1 | | | | |
| Теңдөө гранттар | 4711,2 | 5430,5 | - | 10141,7 | | | | |
| Жалпы киреше | 18936,2 | 10444,5 | 8921,1 | 38301,6 | | | | |

# Инвестиция тартуу

- Канал “Таш” арыгынын 816 метр жерине бетон лоток орнотуу Чүй облустук өнүктүрүү фонду жалпы суммасы **2587,0 миң** сомго былтыр күзүндө башталып, бүгүнкү күндө лоток орнотуу жумуштары 100% аткарылды.



Сосновка айыл аймагындагы канал “Таш” арыгына 816 метр жерге сугат суусун алуучу арыктарга бетон лотокторду орнотуу . РБ-түрткү берүүчү грант 2,0 млн 52 мин 887 сом,ЖБ -517,6 миң.сом. (Жумуш жасоого тендер 2 жолу берилип, экинчисинде тендер өтүп,келишим түзүлүп, азыр бетон лотокторду ташып келүү иштери жүрүүдө).





Сосновка айылынын  Набережный көчөсүн жана дачада жашаган адамдарды таза жана сугат суусун сугат убагында үзгүлтүксүз жеткирүү максатында 600,0 миң.сомго жергиликтүү бюджеттин акча каражатына   суу жеп кеткен  (авариялык) жери ондолуп берилди.









- Таштанды чогултуучу 1 даана автомашина сатып алуу баардыгы **4,0 млн.сом** анын ичинен **ЖБ-2,0 млн.сом**, Жайыл райондук өнүктүрүү фондунан **-2 млн.сом** каралып, азыркы күндө тендер өтүп келишим түзүлүп, 2024-жылдын октябрь айында алынды.






Жоопкерчилиги чектелген «Фидан глобал» коом аркылуу 6млн АКШ доллар өлчөмүндө инвестиция тартылды. Мөмө-жемиш бактары отургузулду.



# Бир айыл – бир продукт

## Сары-Булак айылында малина өстүрүүдө тамчылатып сугаруу системасын орнотуу улантылып жатат.





Кара-Кыргыз автономдук облусунун 100 жылдыгына жана Каба уулу Кожомкулга арналган Суусамыр өрөөнүндө болуп өткөн малчылардын слетуна катышып, жергиликтүү бюджеттен 87 миң сом жумшалды.







- **Элди “Таза Суу” менен камсыздоо**
- АРИС “Таза Суу” проектиси аркылуу Сосновка айылына жалпы сметалык баасы **138,0 млн.сомго**, Боксо-Жол, Бекитай, Кайырма айылдарына **64,8 млн.сомго** таза суу киргизүү боюнча бүгүнкү күндө иштер жүрүүдө.



Кайырма айылындагы жер-жемиштерди тоңдуруу камерасын иштетүү үчүн АРИС 2 330 122сом, ЖБ 300,0 сом бөлүнүп, иштетүү иштери аяталууда. Электр энергиясын туташтыруу иштери жүргүзүлүүдө.





# Билим берүү мекемелери

1) Бекитай орто мектебинин имаратынын ички кабинеттерин ондоо ЖБ-847,7 мин.сом,бүгүнкү күндө майлап-сырдоо иштери 100% бүттү жана да мектептин ички кабинеттерине вентиляция орнотуу үчүн 300,0 минге келишим түзүлүп ал иштер да мектептин ремонту менен чогуу бүттү.





Сосновка орто мектебинин сырткы бетине текстура чачылып, жергиликтүү бюджеттен 100,0 миң сом акча каражаты бул жумуштарды аткаруу үчүн каралды.



Сосновка орто мектебинин санитардык курулмаларын ремонттон өткөрүү АРИС-5393,9 мин.сом бүгүнкү күндө ремонт иштери толук бүттү.





Т.Кожомбердиев атындагы Сары-Булак орто мектебинин имаратынын сыртын оңдоо иштери жүргүзүлдү. ЖБ 198 800 сом





К.Дербишев атындагы Талды-Булак орто мектебинин сырткы темир тосмосун ондоо РБ (түрткү берүүчү гр-1121,9 мин.сом,ЖБ-280,5 мин.сом), бүгүнку күндө темир тосмону орнотуу иштери бүттү.






ДОУ 500 Билим Берүү Министрлиги программасы боюнча Моңолдор айылындагы бала-бакчасына эмеректерди алуу 1млн. 136 миң 865 сом Билим берүү Министрлиги тарабынан бөлүнүп берилди.





# Айыл өкмөтүнүн сырткы фасадын ондоого материал алууга 50,0 мин сом









ДОУ 500 Билим берүү Министрлиги программасы боюнча Бөксө-Жол айылындагы “Кыялкеч” бала-бакчасынын санитардык системасын ондоо-1255,6 мин.сом ремонт иштери бүттү.





**“Жашыл мурас”** программасын ишке ашыруу максатында Кайырма айылына парк уюштурулду жана  жалпы 2700 даана жаш көчөт отургузулду, сатып алуу чыгымдарына ЖБ-221,0 мин.сом акча каражаты жумшалды.





Талды-Булак айыл аймагындагы Сосновка айылынын ички көчөлөрүнүн жолдоруна оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлдү.
ЖЧК «Кожобай курулуш» аркылуу жасалып, ЖБ 2 257 828 сом жумшалды.










Сосновка айылында «Ак-ниет» тамактануучу жай ачылган. Жалпы суммасы 2 млн.сом. 12 жумуш оруну түзүлдү.







Талды-Булак айыл аймагында Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 15.07.2022-ж. №385 токтомунун негизинде социалдык келишимдин негизинде социалдык жардам көрсөтүү максатында «Үй –бүлөгө көмөк» алуучулардын тизмесине 2024-жылдын июнь айынан баштап август айына чейин 26 үй-бүлөгө 100 000 (жүз миң) сомдон сертификат тапшырылды. Бардыгы: уй, торпок, кой, тигүүчү машинка алынды.







“Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 06-сентябрындагы №305 Жарлыгынын алкагында ишембиликтер уюштурулуп, Талды-Булак айыл өкмөтүнүн аппараты, Бишкек-Ош автожолунун 104-107 чакырымындагы бөлүгүн таштандыларды тазалоо иштерин жүргүзүштү.Ар жуманын ишемби күндөрүндө ишембиликке бардык соц.мекемелер чыгып жатышты.





# Элдик жыйындар

- 2024-жылдын 24-июнунда жайыл райондук мамлекеттик администрациясы менен биргеликте жана райондун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин катышуусу менен Талды-Булак айыл өкмөтүнө караштуу 6 айылда элдик жыйындар өттү. Ар бир айылдын көйгөйлүү маселелерин чечүү үчүн иштер жүргүзүлдү.
-





Өзгөчө Кырдаал абалга калган Бишкек-Ош жолундагы айдоочуларга ысык чай жана ысык тамак уюштурулду.







Кыргыз  Республикасынын Президентинин алдындагы инвестиция боюнча агенттиги тарабынан Талды-Булак айыл аймагынын Сары-Булак , Монолдор айылынын окуучуларын мектепке жеткирүү максатында 22 орундуу автобус алынды.






# *Көңүл бурганыңыздарга чоң ыракмат*